**Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында педагогикалык кадрлар менен толукталуусу жөнүндө маалымат**

**Максаты:** мектептин педагогикалык курамынын 2021-2022-окуу жылына карата толукталышынын анализи үчүн сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрдүн мүнөздөмөсү жана толук убакыт иштеген мугалимдердин курамын аныктоо.

2021-2022-окуу жылында мектептин администрациясынын ишинин негизги максаттарынын бири штаттык бирдикти толуктоо-бул жаңы окуу жылынын башталышында мектептин штаттык бирдигин окуу жылынын аягына чейин сактоо. Мектеп мугалимдеринин педагогикалык, психологиялык, методикалык жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча иштер жыл сайын жолго коюлуп аткарылып турат. Иштин жыйынтыгында мектептин кадрлар менен толукталышы 100% түзөт.

Мектептегишырат. окуу процессин 18 мугалим ищке ашырат. Алардын ичинен админстрация 3 мугалим эмгектенет: Акматалиева Н.К.-директор, Бейзеева Ж.К. –окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары, Бейшебаева З.Т.-тарбия иштерди уюштурууучу жана соц педагог.

Мектеп кызматкерлеринин сандык жана сапаттык курамынын мугалимдердин санынын өскөндүгүн жана педагогикалык стажы жогору болгон кызматкерлердин санынын жылдан жылга өскөндүгүн белгилеп кетсек болот. Мектеп мугалимдеринин жаш курамын талдоо көрсөткөндөй мектептеги мугалимдердин орточо жашы 40 жаш. Мектепте пенсия курагындагы мугалимдер бар. Жогорку билимдүү мугалимдердин саны жылдан-жылга басымдуулук кылууда.

| Мазмуну | Жалпы саны | Пед кызматкерлерге карата пайыздык көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Жогорку педагогикалык билими бар адистер | 17 | 95% |
| Атайын орто педагогикалык билими бар адистер | 1 | 5% |
| Орто билимдүү | | |

Педагогикалык кызматкерлердин стажы боюнча маалымат

| 5 жылга чейин | 5-10 жыл | 10-15 жыл | 15 жылдан жогору | Жалпы |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 5 | 2 | 6 | 18 |

Педагогикалык кызматкерлердин сыйлыктары боюнча маалымат

| Сыйлыктар | Жалпы саны |
|---|---|
| Эмгек сиңирген мугалим | - |
| Эл агартуунун отличниги | 4 |
| Билим берүү жана илим министирлигинин Ардак грамотасы | 4 |
| Райондук билим берүү бөлүмүнүн грамотасы | 12 |
| Мамлекеттик админстрациясынын грамотасы | 3 |

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы орто мектебинин педагогикалык кадрлары штаттык түзүм боюнча дээрлик толукталды десек болот.

Педагогикалык кызматкерлердин комплекттелиши боюнча 3 жылдык анализ

Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде акыркы 3 жылда дээрлик баардык предметтер боюнча штаттар толук комплекттелип келди. Мугалимдердин 90% диплому боюнча эмгектенишет. Мектепте окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Төмөнкү таблицада келтирилгендей жылдан жылга жаш адистердин жогорулап келет. Быйылкы окуу жылында 3 пенсия жашындагы мугалим ардактуу эс алууга кетип, кайра 3 жаш кадыр менен толукталды.